| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКА ЖАНА КОММЕРЦИЯ МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ МОНОПОЛИЯГА КАРШЫ ЖӨНГӨ САЛУУ КЫЗМАТЫ | СЛУЖБА АНТИМОНОПОЛЬНОГО РЕГУЛИРОВАНИЯ ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ЭКОНОМИКИ И КОММЕРЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ |
|---|---|

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

2023-ж28-декабрь № 78 — **Бишкек шаары / гор. Бишкек**

**Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантин департаменти тарабынан көрсөтүлүүчү акы төлөнүүчү мамлекеттик кызматтардын тарифтеринин прейскурантын макулдашуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 10-декабрындагы №300 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы жөнүндө жобонун, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы №85 “Мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрин (тизмегин) бекитүү жөнүндө” токтомунун жана берилген материалдардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы №637 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо” тартибине ылайык, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантин департаменти тарабынан көрсөтүлүүчү акы төлөнүүчү мамлекеттик кызматтардын тарифтеринин прейскуранты (мындан ары – Прейскурант) берилген материалдардын негизинде, тиркемеге ылайык макулдашылсын.

2. Берилген материалдардын толуктугу жана тууралыгы үчүн жоопкерчилик Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантин департаментинин жетекчисине жүктөлсүн.

3. Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантин департаменти:

000920

- Прейскурантты белгиленген тартипте бекитсин жана Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматына берсин;
- мамлекеттик жана расмий тилдердеги Прейскурантты керектөөчүлөр үчүн көрүнүктүү жерге жайгаштырсын.

4. Прейскурант бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.

5. Жөнгө салынуучу чөйрөлөр башкармалыгы (Кокошеров):
- бул буйруктун мамлекеттик жана расмий тилдердеги биринчи нускасын адам ресурстарын башкаруу, документтер менен камсыздоо жана мамлекеттик тил бөлүмүнө сактоого өткөрүп берсин;
- бул буйруктун мамлекеттик жана расмий тилдердеги экинчи нускасын Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантин департаментине жиберсин;
- бул буйрук менен кабыл алынган чечим тууралуу маалыматты Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын расмий сайтына жайгаштырсын.

6. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын төрагасынын орун басары Ж.Б. Орозбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Г.К. Асылбаева**

"Макулдашылды"
Кыргыз Республикасынын
Экономика жана коммерция министрлигине
караштуу монополияга каршы жөнгө салуу
кызматы

20 23 -ж " 28 " декабрь № 78

"Бекитем"
Кыргыз Республикасынын
Айыл чарба
министрлиги

20 24 -ж " 15 " 01 № 6

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантини департаменти тарабынан көрсөтүлүүчү акы төлөнүүчү кызматтарга (жумуштарга) тарифтердин (баалардын) прейскуранты

| № к/м | Кызмат көрсөтүүлөрдүн түрлөрү | Чен бирдиктери (м³) | Баасы (сом) |
|---|---|---|---|
| 1 | **Карантинге алынуучу продукцияны, товардык каражаттарды зыянсыздандыруу, өсүмдүктөр карантинин камсыз кылуу ченемдерине жана эрежелерине ылайык кампа жайларын профилактикалык фитосанитардык зыянсыздандыруу жана жеке, юридикалык жактардын арыздары боюнча зыянсыздандырууну ырастоочу документти берүү** | | |
| а) | Ыңгайлаштырылган жайларда фумкамералар, чатырлар жана жылчыксыздыкты камсыз кылуучу контейнерлер | 1 куб.метр | 74 |
| б) | Пленканын астында (газ өткөрбөгөн материал) фосфин таблеткалары менен зыянсыздандыруу | 1 куб.метр | 42 |
| в) | Аэрозоль методу менен зыянсыздандыруу | 1 куб.метр | 7 |
| 2 | **Экспорттоо максатында карантинге алынуучу продукциянын карантиндик фитосанитардык абалын, анын ичинде фитосанитардык анализдердин жана экспертизалардын бардык түрлөрүн, карантинге алынуучу продукциянын карантиндик фитосанитардык абалы жөнүндө фитосанитардык документтерди белгилөө** | | |
| | Экспорттоо максатында карантинге алынуучу продукциянын үлгүсүн тандоо менен, фитосанитардык анализдердин жана экспертизалардын бардык түрлөрүн кошкондо, карантинге алынуучу шашылыш продукцияны кароо, карантинге алынуучу продукциянын карантиндик фитосанитардык абалы жөнүндө корутунду фитосанитардык документтерди берүү | - 5 кг чейинки карантинге алынуучу продукция (үрөн, отургузулуучу материалдан жана картошкадан башка)<br>- мамлекеттик органдардын кайрылуулары боюнча | акысыз |
| | | - 500 кг чейинки салмактагы карантинге алынуучу өндүрүм | 300 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| а) | | - 500 кг жогору салмактагы карантинге алынуучу өндүрүм | 750 |
| б) | Карантиндик фитосанитардык экспертиза күбөлүгүн берүү менен карантинге алынуучу экспорттук продукцияга лабораториялык экспертиза (энтомологиялык, гербологиялык жана фитопатологиялык экспертиза) жүргүзүү | 1 экспертиза | 750 |
| в) | Карантиндик зыяндуу организмдерге диагностика жасоо үчүн ПЧР анализин жүргүзүү | 1 экспертиза | 1160 |
| **3** | **Жеке жана юридикалык жактардын табыштамалары боюнча карантиндик объекттерди аныктоо, үлгүлөрдү алуу жана лабораториялык экспертизаларды жүргүзүү менен айыл чарба жерлерин, көчөттөрдү, иши өсүмдүктөрдөн алынуучу продукциялар менен байланышкан ишканаларды жана ага жанаша жайгашкан аймактарды изилдөө (энтомологиялык, гербологиялык жана фитопатологиялык экспертиза)** | | |
| а) | Карантиндик фитосанитардык экспертиза күбөлүгүн берүү менен карантинге алынуучу продукцияга лабораториялык экспертиза (энтомологиялык, гербологиялык жана фитопатологиялык экспертиза) жүргүзүү | 1 экспертиза | 750 |
| **4** | **Айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнүн табыштамалары боюнча зыянкечтерге, илдеттерге жана отоо чөптөргө каршы химиялык тазалоо** | | |
| а) | Тойота Хайлюкс микронери менен автоунаанын зыянкечтерге каршы химиялык тазалоосу | 1 га | 196 |
| б) | Тойота Хайлюкс AU 8115 M микронери менен автоунаанын зыянкечтерге каршы хим. тазалоосу | 1 га | 197 |
| д) | ОВГ-2006Б чачкычы менен (капталдан үйлөтүп желдетүү методу)(чачуу) МТЗ-82,1 трактору менен зыянкечтерге каршы хим. тазалоо | 1 га | 801 |
| | МТЗ-82с РТЖ-4 трактору менен суу алып келүү (зыянкечтерге каршы капталдан үйлөтүү методу менен жыгач көчөттөрүн хим. тазалоого) | 1 га | 196 |
| | Тойотас Хайлюкс нөөмөт автоунаасынын транспорттук чыгымдары | 1 га | 197 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | ГАЗ-53 АЦ автоунаасы менен суу алып келүү (зыянкечтерге каршы капталдан үйлөтүү методу менен жыгач көчөттөрүн хим. тазалоого) | 1 га | 197 |
| е) | ОВГ-2006Б (шлаговщик менен)(чачуу) МТЗ-82,1 трактору менен зыянкечтерге каршы жыгач көчөттөрүн хим. тазалоо | 1 га | 1806 |
| | МТЗ-82с РТЖ-4 трактору менен суу алып келүү (шланговщик менен зыянкечтерге каршы жыгач көчөттөрүн хим. тазалоого) | 1 га | 197 |
| | Тойотас Хайлюкс нөөмөт автоунаасынын транспорттук чыгымдары | 1 га | 196 |
| | ГАЗ-53 АЦ автоунаасы менен суу алып келүү (шланговщик менен зыянкечтерге каршы жыгач көчөттөрүн хим. тазалоого) | 1 га | 197 |
| ж) | **чегиртке зыянкечтерине каршы ОВГ-2006Б чачкычы бар (капталдан үйлөтүп желдетүү методу аркылуу) МТЗ-82,1 трактору менен хим. тазалоо** | 1 га | 801 |
| | МТЗ-82с РТЖ-4 трактору менен (зыянкечтерге каршы капталдан үйлөтүү методу менен хим. тазалоого) суу алып келүү | 1 га | 196 |
| | Тойотас Хайлюкс нөөмөт автоунаасынын транспорттук чыгымдары | 1 га | 197 |
| | ГАЗ-53 АЦ автоунаасы менен (зыянкечтерге каршы капталдан үйлөтүү методу менен хим. тазалоого) суу алып келүү | 1 га | 197 |
| 5 | **Өсүмдүктөрдө, жер кыртышында, сугат сууларында пестициддердин жана агрохимикаттардын калдык санынын болушуна, ошондой эле алардын стандарттарга жана техникалык шарттарга туура келишине химиялык талдоо жүргүзүү** | пестициддердин сапаты (1 экспертиза) | 2580 |
| | | а/ч продукциясында, топуракта жана сугат сууларында пестициддердин калдык санын ПКС аныктоо (1 экспертиза) | 1680 |
| | | агрохимикаттар (1 экспертиза) | 1800 |
| | | органикалык жер семирткич (1 экспертиза) | 2320 |
| | а/ч товар өндүрүүчүлөрүнүн табыштамалары боюнча жер кыртышында азык заттарга жана гумуска карата мониторинг жүргүзүү | 1 анализ | 1034 |

Эскертүү

1. Төмөнкүлөр кызмат көрсөтүү баасына кирбейт:
   - пестициддердин баасы
   - тузактардын жана татканткычтардын баасы
   - үлгүлөрдү лабораторияга жеткирүү чыгымы
   - карантинге алынуучу продукцияны зыянсыздандыруудагы иш сапар чыгымдары

**Директор** **Д. Кенжебаев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКА ЖАНА КОММЕРЦИЯ МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ МОНОПОЛИЯГА КАРШЫ ЖӨНГӨ САЛУУ КЫЗМАТЫ

СЛУЖБА АНТИМОНОПОЛЬНОГО РЕГУЛИРОВАНИЯ ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ЭКОНОМИКИ И КОММЕРЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

28 декабря 2023. № 78

**Бишкек шаары**
**гор. Бишкек**

## О согласовании прейскуранта тарифов на платные государственные услуги, оказываемые Департаментом химизации, защиты и карантина растений при Министерстве сельского хозяйства Кыргызской Республики

На основании Положения о Службе антимонопольного регулирования при Министерстве экономики и коммерции Кыргызской Республики, утвержденного постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 10 декабря 2021 года №300, Единого реестра (перечня) государственных услуг, оказываемых государственными органами, их структурными подразделениями и подведомственными учреждениями, утвержденного постановлением Правительства Кыргызской Республики от 10 февраля 2012 года №85 и представленных материалов, в соответствии с Порядком определения размера оплаты за оказание государственных и муниципальных услуг (работы), утвержденным постановлением Правительства Кыргызской Республики от 26 октября 2000 года № 637, **приказываю:**

1. Согласовать прейскурант тарифов на платные государственные услуги, оказываемые Департаментом химизации, защиты и карантина растений при Министерстве сельского хозяйства Кыргызской Республики (далее – Прейскурант), согласно приложению.

2. Ответственность за полноту и достоверность представленных материалов возложить на руководителя Департамента химизации, защиты и карантина растений при Министерстве сельского хозяйства Кыргызской Республики.

3. Департамент химизации, защиты и карантина растений при Министерстве сельского хозяйства Кыргызской Республики:

000920

- утвердить Прейскурант в установленном порядке и представить в Службу антимонопольного регулирования при Министерстве экономики и коммерции Кыргызской Республики;

- разместить Прейскурант на государственном и официальном языках на видном для потребителей месте.

4. Прейскурант вступает в силу с даты его утверждения.

5. Управлению регулируемых сфер (Кокошеров):

- первый экземпляр на государственном и официальном языках настоящего приказа передать на хранение в отдел управления человеческими ресурсами, документационного обеспечения и государственного языка;

- второй экземпляр на государственном и официальном языках настоящего приказа направить в Департамент химизации, защиты и карантина растений при Министерстве сельского хозяйства Кыргызской Республики;

- информацию о решении, принятом настоящим приказом, разместить на официальном сайте Службы антимонопольного регулирования при Министерстве экономики и коммерции Кыргызской Республики.

6. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на Орозбаева Ж.Б., заместителя председателя Службы антимонопольного регулирования при Министерстве экономики и коммерции Кыргызской Республики.

**Председатель** **Г.К. Асылбаева**

"Согласовано"
Служба антимонопольного
регулирования при Министерстве
экономики и коммерции
Кыргызской Республики
Приказом №78
"28" декабря 20 23 г. № 78

"Утверждаю"
Министерство сельского
хозяйства
Кыргызской Республики

"15" 01 20 24 г. № 6

**Прейскурант тарифов (цен) на платные услуги (работы) оказываемые Департаментом химизаций, защиты и карантина растений при Министерстве сельского хозяйства Кыргызской Республики**

| №п/п | Виды услуг | Ед.измерения (м³) | Стоимость (сом) |
|---|---|---|---|
| 1 | **Обеззараживание подкарантийной продукции, товарных средств, профилактическое фитосаниторное обеззараживание складских помещений в соответсвии с нормами и правилами обеспечения карантина растений и выдача документа,подтверждающего обеззараживание по заявкам физических и юридических лиц** | | |
| а) | В приспособленных помещениях фумкамеры,палатки и контейнеры обеспечивающие герметичность | 1 куб.метр | 74 |
| б) | Обезараживание фосфиновыми таблетками под пленкой (газонепроницаемый материал) | 1 куб.метр | 42 |
| в) | Обеззараживание аэрозольным методом | 1 куб.метр | 7 |
| 2 | **Установление карантиинного фитосанитарного состояния подкарантинной провукции в целях экспорта,включая все виды фитосаниторнных анализов и экспертиз, фитосанитарной документации о карантинном фитосаниторном состояния подкарантинной продукции** | | |
| а) | Досмотр экстренной подкарантинной продукции с отбором образца для подкарантинной провукции в целях экспорта, включая все виды фитосанитарных анализов и экспертиз, выдача заключенний фитосанитарной документации о карантинном фитосанитарном состояния подкарантинной продукции | - подкарантинная продукция до 5 кг (кроме семенного и посадочного материала и картофеля)<br>- по обращению государственных органов | бесплатно |
| | | - подкарантинная продукция весом до 500кг | 300 |
| | | - подкарантинная продукция весом свыше 500кг | 750 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| б) | Проведение лабораторной экспертизы экспортной подкарантинной продукции(энтомологическая экспертиза,гербологическая и фитипотологическая),с выдачей свидетельства карантинной фитосанитарной экспертизы | 1 экспертиза | 750 |
| в) | Проведение ПЦР анализа для диагностики карантинных вредных организмов: | 1 экспертиза | 1160 |
| **3** | **Обследование сельхоз угодий,насаждений,предприятий и прилегающих территории, деятельность которых связана с продукцией растительного происхождения, на выявление карантинных обьектов, с отбором образцов и проведением и пр ведением лабораторных экспертиз по заявкам физических и юридических лиц (энтомологическая экспертиза,гербологическая и фитопатологическая )** | | |
| а) | Проведение лабороторной экспертизы подкарантинной продукции (этномологическая экспертиза,гербологическая и фитопатологическая ),с выдачей свидетельства карантинной фитосанитарной экспертизы выдачей свидетельства карантинной фитосанитарнной экспертизы | 1 экспертиза | 750 |
| **4** | **Химобработка против вредителей,болезней и сорной растительности по заявкам сельхозтоваропроизводителей** | | |
| а) | хим.обработка против вредителей автомашины Тойота Хайлюкс с микронером AU 8115 M (методом вентилирования УМО) | 1 га | 196 |
| б) | хим.обработка против вредителей автомашины Тойота Хайлюкс с микронером AU 8115 M (методом вентилирования пиротроиды) | 1 га | 197 |
| д) | хим.обработка против вредителей трактором МТЗ-82,1 с оприскивателем ОВГ-2006Б (методом вентилирования бокового дутья)(оприскивание) | 1 га | 801 |
| | подвоз воды трактором МТЗ-82с РТЖ-4 (на хим.обработку против вредителей на древесных насаждениях методом вентилирования бокового дутья) | 1 га | 196 |
| | транспортные расходы на дежурный автомобиль Тойотас Хайлюкс | 1 га | 197 |
| | подвоз воды на автомашине ГАЗ-53 АЦ(на хим.обработку против вредителей на древесных насаждениях методом вентилирования бокового дутья) | 1 га | 197 |
| е) | хим.обработка против вредителей на древесных насаждениях трактором МТЗ-82,1 с оприскивателем ОВГ-2006Б (с шлаговщиком)(оприскивание) | 1 га | 1806 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | подвоз воды трактором МТЗ-82с РТЖ-4 (на хим.обработку против вредителей на древесных со шланговщиком) | 1 га | 197 |
| | транспортные расходы на дежурный автомобиль Тойотас Хайлюкс | 1 га | 196 |
| | подвоз воды на автомашине ГАЗ-53 АЦ(на хим.обработку против вредителей на древесных насаждениях со шланговщиком) | 1 га | 197 |
| ж) | **хим.обработка против саранчовых вредителей трактором МТЗ-82,1 с оприскивателем ОВГ-2006Б (методом вентилирования бокового дутья)** | 1 га | 801 |
| | подвоз воды трактором МТЗ-82с РТЖ-4 (на хим.обработку против вредителей методом вентилирования бокового дутья ) | 1 га | 196 |
| | транспортные расходы на дежурный автомобиль Тойотас Хайлюкс | 1 га | 197 |
| | подвоз воды на автомашине ГАЗ-53 АЦ(на хим.обработку против вредителей методом вентилирования бокового дутья) | 1 га | 197 |
| **5** | **Проведение химимческого анализа растений, почв, оросительных вод на содержание остаточного количество пестицидов и агрохимикатов, а также на соответсвие их стандартами и техническим условиям,** | качество пестицидов (1 экспертиза) | 2580 |
| | | ОКП в продукции с/х, почв, воды (1 экспертиза) | 1680 |
| | | агрохимикаты (1 экспертиза) | 1800 |
| | | органические удобрение (1 экспертиза) | 2320 |
| | мониторинг почвы на содержание питатаельных веществ и гумуса по заявкам с/х товаропроизводителей | 1 анализ | 1034 |

Примечание

1. В стоимость услуг не входят:
   - стоимость пестицидов
   - стоимость ловушек и приманок
   - расхода на доставку образцов в лабораторию
   - командировочные расходы при обеззараживании подкарантинной продукции

**Директор** **Д. Кенжебаев**